4. Сүйінбай Аронұлы. Толық шығармалар жинағы [Текст] / Сүйінбай Аронұлы. - Алматы: Әдебиет әлемі, 2015. - 552 б.

5. Жолдасбеков, М. Асыл арналар [Текст] / М. Жолдасбеков. Алматы: Жазушы, 1990. – 352 бет.

6. Садырбаев, С. Өлең – сөздің жарық жұлдызы. Китепте: Сүйінбай. Таңдамалы шығармалары [Текст]. - Алматы: Білім, 1996. - 152 б.

7. Джамгерчинов, Б. Киргизы в эпоху Ормон-Хана [Текст] / Б. Джамгерчинов. - Бишкек, 1998. - 239 с.

8. Семенов, Т. О своем путешествии в Средную Азию [Текст] / Т. Семенов // Простор. - № 1. - 2014. - С.171-178.

9. Чоротегин, Т. Боромбай Меңмурат уулунун доорун калыс иликтөө зарылдыгы [Текст] / Т. Чоротегин. // "Кутбилим". -13. 02. 2015.

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-60-188-194
УДК: 801.81

***Жумашова Н. А.,*** *филол. илимд. канд.*
*nasira2101@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-7431-9959*
***Токтосунова Т.,*** *магистрант*
*tiiim.obolbekova24599@gmail.com*
*ORCID: 0009-0007-4989-7954*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# КАЗАК ЭЛДИК ЫРЛАРЫНЫН ТАБИЯТЫ

*Бул макалада казак элинин өткөн турмушунун күзгүсү, кылымдап калыптанган каада-салтынан, турмуш-тиричилигинен жаралган оозеки чыгармачылыгынын бир түрү болгон эпостук чыгармаларга негиз болгон салт ырларынан баштап, калктын күндөлүк тиричилигин чагылдырган да, ошондой эле эл турмушуна, адам өмүрүнүн ар кайсы учуруна, жашоо турмушунун ар түрдүү үрп-адат, салтына байланыштуу айтылган салт ырларынын түрлөрү жөнүндө сөз болду.*

*Казак элинин күнүмдүк жашоо шартында көп айтылып, көп колдонулган элдик ырларынын бири балдар ырлары десек болот. Чындыгында, балдар ырлары наристенин чыр этип жерге түшкөн алгачкы күнүнөн баштап, ат жалын тартып, ээрге отурууга жараган мезгилине чейинки аралыкты ичине камтыйт.*

*Казак элинин оозеки көркөм чыгармачылыгы дүйнөлүк фольклористикадагы эң кызыктуу жана кайталангыс сөз өнөрүнөн кабар берип, башка элдердин көркөм сөз маданиятынан кескин айырмаланып, оозеки чыгармачылыктагы элдик ырлары казак элинин кайталангыс мурасы экенин байкадык.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *оозеки чыгармачылык, салт, жанр, адам, жашоо, лирикалык жанр, ыр, балдар ырлары, каада-салт, оюн, үрп-адат.*

***Жумашова Н. А.,*** *канд. филол. наук, доцент*
*nasira2101@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-7431-9959*
***Токтосунова Т. О.,*** *магистрант*
*tiiim.obolbekova24599@gmail.com*
*ORCID: 0009-0007-4989-7954*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ПРИРОДА КАЗАХСКИХ НАРОДНЫХ ПЕСЕН

*В данной статье речь идет о традиционных песнях, которые являясь одним из видов устного народного творчества и основой эпических произведений, зеркально отражали историю казахского народа, слагавшуюся веками традиции, до бытовой жизни народа, различные этапы человеческой жизни, связанные с различными обрядовыми традициями и ритуалами казахского народа.*

*Одна из народных песен, которая часто используется в повседневной жизни казахского народа, — это детские песни. На самом деле детские песни охватывают период с первых дней жизни ребенка, когда он рождается, до того времени, когда он может сесть на коня и научиться управлять ею.*

*Устное народное творчество казахов является одной из самых интересных и уникальных форм в мировой фольклористике. Это искусство отличается от других народных культур, что позволяет утверждать, что народные песни казахов представляют собой несравненное наследие этого народа.*

***Ключевые слова:*** *устное творчество, традиция, жанр, человек, жизнь, лирический жанр, песня, детские песни, обычаи, игра, традиции.*

***Jumashova H. A.***, *cand. pholog. science, docent.*
*nasira2101@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-7431-9959*
***Toktosunova T. O.***, *master's student*
*tiiim.obolbekova24599@gmail.com*
*ORCID: 0009-0007-4989-7954*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## THE NATURE OF KAZAKH FOLK SONGS

*This article is about the Kazakh people, their past, traditions, way of life and oral literature. The focus is on epic works that are part of oral folk art, ranging from traditional songs to songs that reflect the daily life of the people. Various types of traditional songs associated with different stages of human life and customs, ritual traditions and rituals of the Kazakh people are also considered.*

*One of the folk songs that is often used in the everyday life of the Kazakh people is children's songs. In fact, children's songs cover the period from the first days of a child's life, when they fall to the ground, to the time when they can sit on a horse and learn how to ride it.*

*Oral folk art of the Kazakhs is one of the most interesting and unique forms in world folklore. This art is different from other folk cultures, which allows us to assert that the folk songs of the Kazakhs represent the incomparable heritage of this people.*

***Key words:*** *oral creativity, tradition, genre, person, lyrical genre, song, children's songs, customs, game, traditions.*

Казак элинин кыйла кылымдар бою сакталып келе жаткан оозеки чыгармачылыгында лирикалык жанр көрүнүктүү орунду ээлейт. Эл оозунда айтылып жүргөн жана эл арасынан жазылып алынган материалдарга карап, чындыгында элдик ырлар казак эл оозеки чыгармачылыгында бир кыйла өнүккөндүгүн көрөбүз. Элдик ырлар бир нече кылымды, бир нече окуяларды кучагына алган тарыхый мүнөздөгү көп жактуу турмушту көркөм чагылдырат.

Казактын руханий мол байлыктарынын бири – элдик ырлары. Бул ырлар – казак элинин өткөн турмушунун күзгүсү, кылымдап калыптанган каада-салтынан, турмуш-тиричилигинен жаралган оозеки чыгармачылыгынын бир түрү.

Кыргыз-казак элдеринин ортосундагы турмуштук, этнографиялык, тилдик жакындыктар менен катар айырмачылыктар да көп, түпкү негизи эки башка эл. Ч. Валиханов кыргыз, казактардын тили, салты, чыгыш теги жагынан бири-биринен айырмалана тургандыгын белгилөө менен катар, «что даже в физиономии бурутов есть что-то своеобразное, не кайсацкое» деп жазган [4].

Казак элдик ырлары – оозеки чыгармачылыктын башка үлгүлөрүнө караганда көп түрдүү, көп салаалуу жанр. Мында эпостук чыгармаларга негиз болгон салт ырларынан баштап, калктын күндөлүк тиричилигин чагылдырган да, ошондой эле эл турмушун, анын ар кандай учурдагы кубаныч менен күйүтүн көрсөткөн кара өлөң, тарыхый ырлар да бар. Алардын төркүнү тээ байыртадан, биздин жыл санагыбызга чейинки көөнө доордон башталат.

Адам баласынын өмүрүндө кездеше турган окуялар, наристенин дүйнөгө келиши, бойго жеткен кыз менен жигиттин баш кошуп, үйлөнүшү, өлүм-каза сыяктуу толуп жаткан окуялардын баары белгилүү бир үрп-адаттын негизинде өтөт.

Туулганда дүйнө эшигин ачат го кең,

Ыр менен жер койнуна кирер денең, - деп улуу акын Абай айткандай, казак эли бала туулуп, кубанычка бөлөнсө, же баласы үйлөнсө, жуптардын жарашыгын ырга салган; жакын туугандарынын бири каза тапса, кара жамынып, аза тутса да өз сезимин муңдуу күү, кошок-жоктоолор менен жеткизген. Кыскасы, адам өмүрүнүн ар кайсы учуруна, жашоо турмушунун ар түрдүү үрп-адат, салтына байланыштуу айтылган салт ырларынын түрлөрү өтө көп кездешет. Алсак, балдар ырлары, үйлөнүү салт ырлары ж.б.

Казак элинин күнүмдүк жашоо шартында көп айтылып, көп колдонулган элдик ырларынын бири балдар ырлары десек болот. Балдар ырлары наристенин чыр этип жерге түшкөн алгачкы күнүнөн баштап, ат жалын тартып, ээрге отурууга жараган мезгилине чейинки аралыкты ичине камтыйт.

Чындыгында, салт боюнча, бала багып, ага ат коюу ата-эненин гана кубанычы эмес, аны бүткүл эл-журт орток кубаныч катары кабылдашкан. Эркек бала туулса, ак төөнүн карды жарылды деп ардактап, ата салтын уланткан уул төрөлдү деп кубанышкан. Ат чаптырып, атактуу акын-ырчыларды чакыртып, сүйүнчү-чачыла чачып, наристенин төрөлгөн алгачкы күнүндө эле ыр ырдашып, үй ээсин мактап той кылышкан. Үй ээси да:

Кубанып, кан жүрөгүм как жарылып,
Убайым башымдагы калды жылып,
Уул төрөлдү, дүңгүрөтүп той жасаймын,
Аткан соң маңдайымдан таң жарылып, - деп өзүнүн кубанычын ырга салган.

Андан кийин баланы бешикке салып, ат коюлган. Академик А. Маргуландын пикири боюнча, балага ат коюу билерман карыялардын же акындардын, же алыс жол кезип келе жаткан «куттуу аяк» жолоочулардын милдети болсо, ал эми баланы бешикке бөлөй турган аялзаты да айылдын эң кадырлуу, сыйлуу байбичелеринен болгон.

Казак элинде балдар ырларынын эки түрү кездешет. Бири балдардын өзү тарабынан чыгарылып, өздөрү аткара турган ырлар болсо, ал эми экинчиси – ата-энелер тарабынан чыгарылып, чоңдор ырдай турган ырлар тобу. Демек, балдарга арналган ырларды чыгаруучу авторлору менен аткарган ким экендигине карап, балдар чыгармалары, ата-энелер чыгармалары деп экиге бөлүп карап жүрүшөт. Бул принципти орус фольклористтеринен баштап көптөгөн улуттардын өкүлдөрү да колдонуп келет [1].

Ошондой эле баланын жаш өзгөчөлүгү, ырдын мааниси жана мазмуну, аны аткаргандар кимдер жана кандай жагдайда аткарылат деген сыяктуу толуп жаткан маселелер да бар экендиги белгилүү. Мисалы, «Алдей, алдей ак бөпөм» деп башталган «Бешик ыры» менен «Айгөлек» деген ыр бар. Мунун биринчиси ата-энелер тарабынан аткарылат. Демек, «Бешик ырын» чыгаруучу автор да, аткаруучулар да чоңдор деп билебиз. Ошондуктан казак элинде мындай ырлардын тобуна жогоруда айтылган «Алдей бөпөмдөн» башка «Куыр, куыр куырмаш», «Көкем мениң кайда экен», «Бирим-бирим», «Ак билек», «Тушоо кесүү» сыяктуу ырларды да киргизсек болот. Бул ырлар өз ичинен бири-бирине жакын, маанилеш болгону менен, алар балдардын жашына, психологиялык өзгөчөлүгүнө ылайыктуу жаралат. Мисалы, бешикке жаткан баланы терметип уктатуу үчүн же тынчтандыруу үчүн эне аны алдейлеп, ыр ырдаса, муну эл ичинде «бешик ыры» деп аташат. Бешик ыры бешиктеги балдарга карата ырдалат.

Бала ырдын сөзүн түшүнбөсө да, ырдын жан терметкен обонунун коштоосунда таттуу уйкуга чөмүлөт.

Эне үчүн баладан таттуу, баладан кымбат эч нерсе жок, эненин баласына деген сезиминин бардыгы бул ырларда катылган. Баласын сүйгөн эне аны кимге теңерин билбей, бирде:

Әлдей-әлдей шырағым,
Көлге біткен құрағым,
Жапанға біткен терегим, -
десе, дагы бирөөндө:
Айналайын шырағым
Жағамдағы кундызым
Әуедегі жулдызым, -
деп, баласын дүйнөдөгү эң кымбат нерселерге теңейт. Акырында:
Әлдей, әлдей бөпешім,
Қозу жұні көрпешім.
Жұрт сұймесе, сұймесін,
Өзім сүйген бөпешім –
деп, өзүнүн энелик мээриминен жаралган ысык сезимдерин билдирет [5].

Ар бир ата-эненин тилеги бирөө гана. Анткени ал баланын эртеңки келечеги, анын ким болуп өсөрү белгисиз, ошондуктан алдыдагы күндөргө көз жиберип, баласын бирде жоо кууган баатыр, бирде төрт түлүктүн тилин билген малчы, бирде колунан көөрү төгүлгөн чебер же таңдайынан бал тамган өнөр ээси болор бекенсиң деп тилек кылат:

Айыр калпак киісіп,
Ақырып жауға тиісіп,
Батыр болар ма екенсің?
же болбосо:
Құрығыңды майырып,
Тұнде жылкы кайырып,
Жаудан жылқы айырып,
Жігіт болар ма екенсің? [5] деген ырлар – бир гана ата-эненин максаты эмес, бүткүл элдин тагдырынан жаралган тилек. Анткени мал багып, конуш которуп, жат эл менен чабышып жүргөн көчмөн элге мындан ашкан тилек жок.

Ал эми «Куыр, куыр, куырмаш, балаларга бидай шаш» деген ыр баланын алаканын кытыгылап, көңүлүн ачып күлдүрүү үчүн колдонулса, «Тушоо кесүү» баланын алгачкы кадам шилтешине карата ырдалат. «Тушоо кесүүнүн» ыры ыргактуу интонациясы менен сөзү баланын там-туң басканына ылайыкташып, обону жеңил, бир калыптагы ритм менен айтылат. Мисалы:

Қаз-қаз балам, қаз балам,
Қадам бассаң мәз болам.
Құрмеуіңді шешейік
Тұсауыңды кесейік
Қаз-қаз балам, қаз балам,
Тақымыңды жаз балам.
Қадамыңа қарайық
Басқаныңды санайық [3].

Балдар эки-үч жашка келгенде өзү жүгүрүп, тили чыгып, ар нерсени сурап, сүйлөгөн болуп чоңоё баштайт. Ошол кезде ата-энеси баласын жыттап, бирде алаканын кытыгылап, бирде манжаларын санап, бирде тизесин ат кылып ойното баштайт. Казак элинде бул оюндардын баарын ырга салат, «Ак билек», «Куыр, куыр куырмаш», «Бирим-бирим» сыяктуу ырлар баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша чыгарылган.

Ал білек, ал білек,

Балбыраған бал білек.
Ауылың толы мал білек
Отан тілім ал білек
Мал ішіне бар білек [6].

Бул ыр, бир жагынан, баланын тилин көндүрүү үчүн айтылса, экинчи жагынан, эрингенди билбеген эмгеккор болуп өсүүгө тарбиялайт. Ата-эне бала менен балача сүйлөшүп отуруп, аны эртеңки тиричилик дүйнөсүнө даярдай баштайт.

Балдар ырларынын экинчи тобуна балдардын оюн-зоок учурунда айтылган өз ырлары кирет. Профессор Б. Г. Ерзакович казактын ыр өнөрүнүн бир түрү балдардын оюн ырлары деп жана бул ырлардын жанрдык, музыкалык өзгөчөлүгүнө токтолот. «Кең талаанын кучагында өскөн балдар бирде жаздын келишине кубанып, ыр ырдашса, бирде мал баккан көчмөн элдин өмүрүн, ой-тоону жайлаган жан-жаныбарлар дүйнөсүн ырга кошуп, ар түрдүү оюн учурунда аткарышат», - дейт [6].

Балақай-ау, балақай
Жаз келеді-ау, алақай!
Жалаң аяқ жүреміз
Балақты да түреміз.
Көлден балык сүземіз
Жалтылдатып тіземіз
Сайдан жілдек тереміз
Тайға мініп желеміз
Алты бақан тебеміз [6], - деп, жаздын, көктөмдүн келишине кубанган ырлар жаралган.

Манжа саноо оюнуна байланыштуу:
Сен тур-койыңа бар
Сен тур-козыңа бар
Сен тур-жылқыңа бар
Сен тур-сиырыңа бар
Сен тур-түйеңе бар [6] деген ырлар көчмөн элдин мал чарбачылыгына байланыштуу жаш балдарга оюн иретинде чыгарылган. «Асау мәстек», «Соқыр теке», «Үй артында кол ағаш», «Қазық бау» деген сыяктуу оюндар балдардын дүйнө таанымын кеңейтип, денелерин чыңдайт:

Эй, эй, эр экенің білейік
Эчкі сойып берейік
Тартып алсаң эңкейіп
Куламасаң теңкейіп
Ерлігіңе сенейік [6].

Балдардын оюн ырлары оюнга ылайыктуу жасалгандыктан, мындай ырларга жаңыдан жол жалгап же башка бир саптарды кошууга мүмкүн эмес.

Ошентип, балдар ырлары казак элинин өткөн өмүрүнүн күзгүсү, бала тарбиялоонун өзүнчө бир окуу куралы сыяктуу калк чыгармачылыгынын бир салаасы болуп саналат.

Ал эми үйлөнүү салт ырлары адам өмүрүндөгү дагы бир кызыктуу жагдайдан – эр жеткен эки жаштын бирин-бири сүйүп, үй курап, өз алдынча түтүн булаткан үйлөнүү салтанатынан – кабар берип турат.

Казак элинде куда түшүп келүүдөн баштап, келин келгенге чейинки аралыкта жасала турган өзүнчө көп жорук-жосуну бар. Булардын баары ырлардын коштоосунда ишке ашырылат. Үйлөнүү тойдо ырдалган салт ырлары казак элинин ар кайсы жеринде ар кандай аткарылары бышык. Мисалы, Жетисууда кудаларды мактаган ырлар өтө көп тараган, ал эми сол түштүк облустарында мындай ырлар кездешпейт. «Жар-жар» Казакстандын бир жеринде кыздын үйүндө гана айтылса, экинчи бир жеринде кыздын да, күйөө жигиттин да үйүндө айтылат экен.

Куда түшүп келгенден кийин күйөө жигиттин агайын-туугандары кудаларды мактап, ыр ырдашат:

Шіркін менің білеғім-ай,
Кабыл болғай тілеғім-ай.
Немеремнің бул тойында
Жарылмайма жұреғім-ай
Манты пісер буменен-ай,
Қуда болма куменен-ай.
Жақсы қуда мың жылдық деп,
Бекер айтпас думенен-ай

Кыз узатуу тою башталган алгачкы күн «отау жабар» деп аталат, ал эми «кыз качар» оюнунун тартиби боюнча кыз өз айылындагы бирөөнүн үйүнө жашырылат. Күйөө жигит кыз жашынган үйдүн ээсине ат мингизип, чапан жабат. Мындан соң үй ээси мал союп, жигиттерди, кыз-келинчектерди жыйып, оюн-зоок уюштурат. Оюн аяктарында күйөө жигит тарап жыйналып келип, курбу-курдаштарынын ортосунда отурган колуктуну тартып алып кетмек болушат. Буга кыз-келиндер каршылык көрсөтүшөт, акыры жигиттер жагы жеңип, колуктуну килемдин үстүнө отургузуп алып кетишет. «Кыз качар» оюну убагында да ар кандай ырлар орундалат. Кечкисин кыз-жигиттер жыйналып, оюн-зоок улантылып, ыр ырдашат. Ырды бир жигит, бир кыз болуп баштайт. Кээде узатылганы жаткан кыз менен ошол айылдагы аны жактырып жүргөн жигиттин да айтышуусу кездешет.

Жигит: Жедінің жеті ат кетті даулында
Танбасы тай көкшенің саурында
Әлжуаз алма мойын сен кеткенсің
Әкемнің нем бар менің аулымда
Кыз: Жедінің жеті ат кетті даулында
Танбасы тай көкшенің саурында
Беріп кет кетерінде белбеуінді
Басайын сагынганда бауырыма
Жигит: Карағым айналайын калам касым,
Сен аққу көлден ушқан, мен лашын.
Ақ жүзүндү ай – аптада бір көрмесем,
Бойыма тарамаушы еді ішкен ашым./
Тас үйдің салдым жаңа түтіндігін,
Отырсың кетейін деп күтіп бүгін
Кісіге алган, берген не болады
Көңілдің білдірейік бүтіндігін.

Кыскасы, түрдүү үрп-адаттар аяктаган соң күйөө жигит өз элине кайтмак болот. Кыз айыл-аймак, тууган-туушкандары менен коштошот. Бул убакта атка минген жигиттердин бири «жар-жар» айтып баштайт. Буга боз үйдө отурган кыз-келиндер жооп кайрышат. Ошентип, колуктунун атасынын үйүндөгү той кыздын эли-жерин, курбу-курдаштарын, ата-энесин кыйбай ыйлаган ыры менен, «сыңсу» айтуу менен аякталат.

«Әке» десем, «а» деші,
«Қызым менің сен» деші
Зорласаң да бармаймын
Болмаңыздар әуреші

Казактардын «сыңсуна» окшогон ырларды өзбек менен уйгурлардан, кыргыз менен каракалпактардан, татар менен башкырлардан, алтай менен буряттардан да кездештирүүгө болот.

Казак элинин элдик ырлары жеке адам тарабынан, кээде бир топ адамдар тарабынан белгилүү бир обон менен орундалат.

Ошентип, кайсы гана эл болбосун, кайсы доор болсо да өз сезимин, толкуткан жүрөк кубанычын, кайгы-касиретин, сүйүнүч-кайгысын ырга салып жеткизген. Ошондуктан эл арасында «Сүйүнгөн ырчы болот, күйүнгөн күүчү болот» деген макал тегин жерден айтылбаган. Демек, ар бир ырдын жаралуу тарыхы, таралуу жайы бар. Алардын бири, кубаныч-сүйүнүч үстүндө жаралса, экинчиси эмгек процессинде, үчүнчүсү ар түрдүү салттык жөрөлгөлөргө байланыштуу пайда болгон.

Казак элинин оозеки көркөм чыгармачылыгындагы элдик ырлар дүйнөлүк фольклористикадагы эң кызыктуу жана кайталангыс сөз өнөрүнөн кабар берет. Ал башка элдердин көркөм сөз маданиятынан кескин айырмаланып турат. Элдик оозеки чыгармачылыктагы элдик ырлар казак элинин кайталангыс мурасы экени талашсыз.

Жыйынтыгында белгилей кетүүчү нерсе: элдик ырлар кыргыз, казак элдерине бирдей тараган көркөм чыгармачылык жана элдик оозеки чыгармачылыктын кылымдардан кылымдарга жашай бере турган көөнөрбөс мурасы десек, жаңылышпайбыз.

**Адабияттар:**

1. Аникин, В. П. Русские народные пословицы, поговорки, загадки и детский фольклор [Текст] / В. П. Аникин. - М., 1957.

2. Акматалиев, А. Үйлөнүү үлпөт салты жана ыры [Текст] / А. Акматалиев. - Бишкек, 2000

3. Ахметов, Ш. Казак балалар адабияты тарыхынын очерки [Текст] Ш. Ахметов. - Алма-Ата, 1965.

4. Валиханов, Ч. Ч. Избранные произведения [Текст] Ч. Ч. Валиханов. - Алма-Ата, 1958.

4. Казахская народная поэзия [Текст]. - Алма-Ата, 1964.

5. Ерзакович, Б. Г. Песенная культура казахского народа [Текст] / Б. Г. Ерзакович. - Алма-Ата, 1966. - 44-бет.

6. Кебекова, Б. Кыргыз-казак акындар байланышы [Текст] / Б. Кебекова. -Фрунзе, 1985.